БЕКИТЕМИН
Мектеп директору

А.Тилекеев атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин профсоюзу жөнүндө
ЖОБО

1.1. А.Тилекеев атындагы орто мектептин кызматкерлеринин профсоюз уюмунун ишинин негизги багыты бул мектеп администрациясынын жана профсоюз комитетинин рынок экономикасынын шарттарында профсоюздун мүчөлөрүн социалдык-экономикалык жана укуктук жактан коргоодо бирдиктүү мамиле кылууну жана макулдашууну камсыз кылуу саналат. Бул үчүн кызматкерлерин социалдык кепилдиктерин жана компенсацияларын аныктоо, аларга татыктуу эмгек акы төлөө жана эмгегин ченемдөө боюнча иш жүргүзүлүп келет. Бүгүнкү күндө профсоюз комитети мектеп кызматкерлеринин кызыкчылыктарын көрсөтүүгө жана укуктарын коргоого иш-жүзүндө укукка ээ болгон жалгыз уюм болуп саналат.

1.2. Профсоюз комитетинин рынок экономикасынын шарттарында башкы милдети бул профсоюз мүчөлөрүнүн эмгегин, социалдык-тиричилик, руханий укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо болуп саналат. Профсоюз комитетинин эмгек жамаатынын атынан жумуш берүүчү менен Жамааттык келишимди түзөт, анын аткарылышына системдик контролду жүзөгө ашырат. Профкомдун макулдашуусу боюнча эмгек акы төлөө жана материалдык жактан кызыктыруу формасынын системасы белгиленет, сыйлоо жөнүндө жобо бекитилет.

1.3. Профсоюз иш алып баруучу көйгөйлөр эң жогору масштабды түзөт. Эң негизгиси бул мектептин администрациясы тарабынан кызматкерлердин укугун кемсинтүүгө, мыйзамсыз кызматтан бошотууга, эмгек шарттарынын начарлашына каршы эмгек мыйзамын, башка социалдык колдоо жана коргоо функцияларды сактоо. Алдыда турган милдеттерди чечүү үчүн профсоюз ар дайым юристтердин, эмгекти коргоо жаатындагы адистердин жана экономисттердин жардамына кайрылууга муктаж. Алар эмгек мыйзамынын сакталышына, коопсуздук техникасынын сакталышына көз салышат, социалдык-тиричилик жана маданий арналыштагы объекттердин ишин уюштурат. Эгерде кызматкер эмгек мыйзамын бузуп жатса, Жамааттык келишим боюнча милдеттерди аткарбаса бир гана профсоюз органы аны менен эмгек келишимин жоюуга же жетекчилик кызмат ордундагы кызматкерди жумуштан алуу укуктуу.

1.4. Ошондуктан, профком мектеп администрациясынын ишинин жалпы максаты бул мектеп жамааттык келишиминде жазылгандай натыйжалуу жана үзгүлтүксүз ишти камсыз кылуу, кызматкердин жана алардын үй-бүлөлөрүнүн социалдык кепилдиктерин жана бакубатчылыгынын өсүүсүн камсыз кылуу.

1.5. Жамааттык келишим бул негиз салуучу документ, ал жеке кызматкердин да, барды эмгек жамаатынын дагы негизги укуктарын жана кепилдиктерин мыйзамдаштырат. Кызматкерлер үчүн максималдуу пайдалуу шарттарында жамааттык келишимди түзүү, анын аткарылышын жана сакталышын контролдоо бүгүн профсоюздун эң башкы милдеттеринин бири.